"Бекитемин"

Мектеп директору: Ө.Кожобеков

"4" 10 2022-жыл

**А.Кулубаев атындагы №64 Дардак-Дөбө жалпы негизги билим берүүчү мектебинин эмгекти коргоо боюнча иштерди уюштуруу Жобосу.**

Б.Айтматов атындагы №29 Кара-Төбө жалпы орто билим берүүчү мектебинин

эмгекти коргоо боюнча иштерди уюштуруу Жобосу.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Билим берүү уюмунун бөлүмүнүн технологиялык процесси жана жабдуулары тууралуу жалпы маалыматтар. Станоктун, жабдуунун түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Негизги зыяндуу жана коркунучтуу өндүрүштүк факторлор жана алардын аракеттенүү зоналары. Сактанууучу коргогучтар, тосмолор, ажыраткычтар, сигнал бергичтер.
1.2. Жумуш аткарып жаткан адамга анын кесипкөйлүгүнө, адистигине, кесибине ылайык берилген жумушту гана аткаруу милдети;
1.3. Машинада бузук жабдуу, оң эмес аспаптар жана нерселер менен жумуш аткарууга тыюу салуу;
1.4. Машиналарды, аспаптарды, жабдууларды, нерселерди түздөн-түз багытталышы боюнча гана пайдалануу милдети;
1.5. Жумуш аткарып жаткан окуучунун ошол жумуштарды аткаруу үчүн гана каралган атайын кийимдерди, атайын бут кийимдерди, коргонуу каражаттарын, коргонуучу жана башка сактагычтарды пайдалануу милдети;
1.6. Жумушчунун, окуучунун бул процесске тиешеси болбогон коркунучтуу жана зыяндуу учур пайда болгонундагы жумушту дароо токтотуу милдети;
1.7. Жумушчунун, окуучунун өзүнө жана жабыр тарткан адамга биринчи жардам көрсөтүү, ошондой эле мугалимге жана билим берүү уюмунун жетекчилигине кырсык жана оору учуру тууралуу дароо билдирүү милдети;
1.8. Жумушчунун, окуучунун эмгекти коргоо боюнча үйрөнтмөлөрдү бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартуусу.

## II. Жумуш баштаар алдында.

2.1 Жумуш орунун жана жумуш аткаруучунун өзүн жумушка карата даярдоо боюнча талап;
2.2 Жабдуулардын, машиналардын, механизмдердин, аспаптардын, нерселердин абалдарын текшерүүдөн өткөрүү боюнча талап;
2.3 Сактанууучу коргогучтардын, тосмолордун, ажыраткычтардын, сигнал бергичтердин ишке жарактуулугун текшерүүдөн өткөрүү боюнча талап;
2.4 Жел соргучтарды жана жарык бергичтерди текшерүүдөн өткөрүү боюнча талап;
2.5 Иштете турган заттарды жана материалдарды, жумуш орундарын сактоого карата талаптар;
2.6. Машиналардын, жабдуулардын, механизмдердин, материалдардын жана иштетилүүчү заттардын, жумуш орундарынын абалдарына текшерүүгө карата талаптар;
2.7. Атайын кийимдердин, атайын бут кийимдердин, жеке коргонуу каражаттарынын абалдарына карата талаптар;
2.8. Жумуш баштаар алдындагы өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар;
2.9. Жумуш аткара турган адамдын жеке гигиенасына карата талаптар.

## III. Жумуш аткаруу учурунда

3.1. Жумуш орунунда колдонула турган машиналарга, жабдууларга, механизмдерге, ошондой эле жумуш уюштуруунун түрүнө карата жумушчунун аткарган функциясына жараша коопсуз жумуш аткаруу эрежелери. Жумушту топ болуп аткарган учурдагы өз ара аракет жана жүрүм-турум;

3.2. Электр жабдуулары жана электр аспаптары менен коопсуз иштөө эрежелери. Электр кубатына урунуудан коргонуу эрежелери;
3.3. Жабдууларды, механизмдерди коопсуз башкаруу эрежелери;
3.4. Жүк көтөрүүчү каражаттарды, механизмдерди жана унаа каражаттарын коопсуз пайдалануу эрежелери;
3.5. Жүктөрдү көтөрүү, которуу жана жыюу, ташуу жана түшүрүү эрежелери;
3.6. Механикалаштырылган жана кол менен иштетилүүчү аспаптар менен коопсуз иштөө эрежелери;

3.7.Химикаттар, кислоталар, эриткичтер менен иштөөдөгү коопсуздук эрежелери;
3.8.Басым аркылуу иштей турган идиштер менен коопсуз иштөө эрежелери;
3.9.Жумуш орунунда жана жумуш учурунда жарыктандырууга жана желдетүүгө карата талаптар;
3.10.Электр берүү чубалгыларынын алдында жумуш аткаруудагы коопсуздук чаралары;
3.11.Аба ырайынын катаал шарттарында жумуш аткаруудагы коопсуздук чаралары;
3.12.Талаа шарттарында жумуш аткаруу учурунда эмгектин коопсуздугун жана талаптагыдай эс алууну камсыз кылуу боюнча чаралар;
3.13.Кырсык болгон учурдагы жүрүм-турум эрежелери;
3.14.Жекече коргонуу каражаттарын, атайын кийимдерди жана атайын бут кийимдерди колдонуу эрежелери;
3.15.Жумушту аткаруу учурундагы өрт коопсуздугунун эрежелери;
3.16.Жумуш аткарып жаткан адамдын жеке гигиена эрежелери.

## IV. Жумуш бүткөндөн кийин

4.1.Жабдууларды, станокторду, механизмдерди электр кубатынан ажыратууга жана коопсуз токтотууга карата талаптар;
4.2.Жабдууларды, станокторду, механизмдерди, аспаптарды жыйыштырууга жана аларды сактоо жайларына тапшырууга карата талаптар;
4.3.Жумуш аткаруу учурунда байкалган бузулуулар жана мүчүлүштүктөр тууралуу жумуштун жетекчилигине билдирүү зарылчылыгы жана аларды четтетүү боюнча чараларды көрүү боюнча жумуш аткаруучуга карата талаптар;
4.4.Атайын кийимдерди жана атайын бут кийимдерди, коргонуучу буюмдарды тазалоо жана тапшыруу эрежелери;
4.5.Жеке гигиена эрежелерин аткаруу боюнча талаптар;
4.6.Өрт коопсуздугунун эрежелерин камсыз кылуу боюнча талаптар.

**Билим берүү уюмдарында эмгекти коргоо боюнча иштерди уюштуруу тууралуу Нускама**

## I. Эмгекти коргоо боюнча кызмат адамынын негизги милдеттери

Билим берүү системасынын уюмдарында эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун жалпы абалына жетекчилик кылуу жана жоопкерчилик алардын **жетекчилерине (директорлоруна) жүктөлөт, алар:**

1. Окуу-тарбиялоо процессии эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук жана өндүрүштүк тазартуулук (санитария) боюнча аракеттенип жаткан укуктук ченемдерге жана эрежелерге ылайык уюштуруу жана өткөрүү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналышат;
2. Билим берүү уюмдарында, окуу жайларында эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча үйрөнтмөлөр (инструкциялар), плакаттар жана башка ченемдик иш кагаздары менен камсыз кылышат, эгер алар жок болсо, аларды иштеп чыгышат, профсоюз комитети менен макулдашат жана бекитет;
3. Жаны окуу кааналарын, лабораторияларды, устаканаларды (мастерской), окуу цехтерин, от жаккычтарды жана кайра жасалгаланган (ремонт) жайларды пайдаланууга берүүгө уруксат алууну уюштуруу үчүн жогорку билим берүү органынын мамлекеттик экологиялык жана коопсуздук инспекциясынын, мамархкурулуш көзөмөлдүн, өрткө каршы кызматтын, профсоюз уюмунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен кабыл алуу комиссияларынын иштерин уюштурат (*эскертүү*: расмий кабыл алуусуз жайларды пайдаланууга тыюу салынат);
4. КР өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы №64 токтому менен бекитилген «өндүрүштөгү кырсык учурларын иликтөө жана эсепке алуу тууралуу» жобого ылайык окуу процесси же өндүрүш менен байланышкан кырсык учурларын иликтейт;
5. Окуу-тарбиялоо процесси же өндүрүш менен байланышкан кырсык учурлары жөнүндө актыларды аныкталган мөөнөттө бекитет жана кырсыктын келип чыккан себептерин жоюу боюнча чараларды көрөт;
6. Ар бир оор, өлүмгө алып келген же бир топ адамдар менен болгон кырсык тууралуу прокуратурага, аймактык мамлекеттик эмгек инспекциясына, баш ийген жогорку билим берүү органына жана аймактык билим жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитетине токтоосуз билдирүү жасайт;
7. Өздөрү тарабынан кызмат милдеттерин аткарбагандыгынын жана башка укуктук-ченемдик актыларды бузгандыгынын кесепетинен, келип чыккан кырсык учурлары үчүн жоопкерчилик тартышат;
8. Профсоюз комитети менен жамааттык келишимдин же макулдашуунун чектеринде эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча иш чараларды өткөрүү тууралуу ар жыл сайын макулдашуу түзөт **(тиркеме №9);**
9. Профсоюз комитети менен биргеликте ар бир токсондук (квартал) сайын эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук иш чараларынын аткарылышына текшерүү жүргүзүп турат **(тиркеме №10);**
10. Профсоюз комитети менен бирдикте эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча коомдук кароолорду уюштурат;
11. Жамааттык келишимге же макулдашууга киргизилген эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун абалына жооптуу кызмат адамдарынын отчетторун угат жана орун алган кемчиликтерди четтетүү жаатында чараларды көрөт;
12. Педагогикалык кеңештин күн тартибине эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча маселелерди киргизет жана окуу жана иштөө үчүн коопсуз жана талаптагыдай шарттарды түзүүнү камсыз кылат;
13. Кызматкерлерди эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук тармагындагы жана аракеттенип жаткан мыйзамдуулук жаатына окутуу жана кесипкөйлүктөрүн жогорулатуу боюнча семинарларды уюштурат;
14. Жаңыдан ишке алынып жаткан, ошондой эле иш сапары менен келген кызматкерлер, өндүрүштүк окууларга же практикаларга келишкен окуучулар жана студенттер менен алардын алган билимдерине, алган кесип же кызматы боюнча стажыларына карабастан киришүү үйрөнтмөлөрүн өткөрөт же бул ишти жүргүзүүнү атайын буйрук менен өзүнүн орун басарларынын бирине тапшырат. БУЛ тууралуу жазуулар киришүү үйрөнтмөлөрүн каттоонун журналына толтурулат(тиркеме-4)
15. Алдын-ала медициналык текшерүүдөн өтүүгө туура келе турган кызматкерлерди талаптагыдай медициналык жыйынтыкка ылайык гана кызматка ала алат.
16. Ар жыл сайын компьютер кааналарынын, кондиционерлердин, электр тармактарынын коргонуу боюнча жерге туташтырылышынын жана дубал аркылуу тартылышынын абалдарына мезгил-мезгили менен «Керектөөчүлөрдүн электр жабдууларын техникалык пайдалануу эрежелерине» жана «Керектөөчүлөрдүн электр жабдууларын пайдаланудагы техникалык коопсуздук эрежелерине» ылайык текшерүүлөрдү уюштурат;

17.Билим берүү уюмунун имараттарын (шыптарын, полдорун, тепкичтерин, жел кирүү же чыгуу сормолорун жана тешикчелерин, электр арматураларын, сантехникалык жабдууларды, ажатканаларды ж.б.у.с.) өз убагында карап турууну жана ремонттоону уюштурат;

18.Суу жана газ түтүктөрүнүн, саркынды суулардын түтүктөрүн, электр тармактарынын иштешине системалуу көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашырат;

19. Суу жылытуучу жана буу казандарын, электр казандарын «Басым алдында иштей турган идиштердин орнотулушунун жана коопсуз пайдаланылышынын эрежелерине» ылайык мезгил-мезгили менен карап турууларды жана талапка ылайык келүүлөрүн аныктоолорду өткөрүп турууну уюштурат;

20. Кызматкерлерди, зарыл болгон учурларда окуучуларды атайын кийимдер жана атайын бут кийимдер, коргонуу каражаттары жана коргогучтар менен аракеттенип жаткан ченемдерге жана колдонмолорго ылайык камсыз кылат. Алардын эсебин, тазалыгын жана сакталышын уюштурат;

21. Кампаларда куйүүчү жана майлоочу майлардын, тез жарылып кетүүчү жана химиялык заттардын коопсуз сакталышын уюштурат;

22. Өрт кырсыгы учурунда педагогикалык жамаатты, тейлөө кызматкерлерин, окуучуларды чыгарып кетүү планын түзөт жана уюштурат.

**2. Каана (кабинет), лаборатория, устакана (мастерская) башчысы, кружок жетекчиси:**

1. Сабактарды өткөрүүнүн талаптагыдай жана коопсуз шарттарын түзүү үчүн зарыл чараларды көрөт;
2. Техникалык коопсуздук жана өндүрүштүк тазартуулук (санитардык) боюнча аракеттенип жаткан эрежелерди жана үйрөнтмөлөрдү (инструктаж) аткарууну камсыз кылат;
3. Сабактарды эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча эрежелерде жана үйрөнтмөлөрдө каралган тиешелүү жабдуулар жана башка шарттар болгон учурларда гана өткөрөт;
4. Жумушчу орундарынын, жабдуулардын, аспаптардын коопсуз абалын жана имараттардын санитардык абалын камсыз кылат;
5. Окуучулар менен эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча үйрөнтмөлөрдү жумушчу орундарында техникалык коопсуздук боюнча үйрөнтмөлөрдү каттоо журналына тиешелүү жазууларды жазуу менен өткөрөт **(тиркеме №7);**
6. Жамааттык келишимдердин же макулдашуулардын планына кошуу үчүн эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча иш чараларды иштеп чыгат;
7. Окуучуларды окутууга каралган атайын кийимдерсиз, коргонуу каражаттарысыз жана коргогучтарсыз сабактарга же жумуштарга киргизбейт;
8. Өмүр үчүн коркунуч келтирүү менен коштолгон жумуштарды же сабактарды жүргүзүүнү токтотуп турат жана бул тууралуу мектеп жетекчисине билдирет;
9. Ар бир кырсык учуру тууралуу жетекчиге токтоосуз билдирет;
10. Өздөрү тарабынан кызмат милдеттерин аткарбагандыктарынын жана башка укуктук ченемдик актыларды бузгандыктарынын кесепетинин натыйжасында келип чыккан кырсык учурлары үчүн жооп берет.

**3. Мектептердин, мугалимдердин жана,кенже кызматкерлеринин эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук талаптарын жана аракеттеги эмгек мыйзамдуулуктарын сактоо боюнча милдеттери**

1. Окутууда жана кызмат аткарууда эмгекти коргоонун жана коопсуздуктун санитардык-гигиеналык ченемдерин сактабагандыктары үчүн жоопкерчилик тартышат;
2. Жабдуулардын, приборлордун, аспаптардын коопсуз абалына жана пайдаланылышына жана имараттардын санитардык абалына көзөмөл жасоону камсыз кылышат;
3. Окутуучу устаканаларда, лабораторияларда ж.б.у.с. жайларда сабактарды, жумуштарды өткөрүүдө ар бир окуучу менен эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча үйрөнтмөлөрдү өткөрөт (жумушчу орунунда), ал тууралуу жазууларды жумушчу орундарында үйрөнтмөлөрдү өткөрүү журналына толтурушат;
4. Жамааттык келишимге же макулдашууга киргизүү үчүн эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук жаатындагы иш чараларды иштеп чыгышат;
5. Окутуунун жана жумуш аткаруунун коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча белгиленген иш чаралардын мөөнөтүндө аткарылбагандыгы тууралуу жетекчиге билдиришет;
6. Ар бир кырсык учуру тууралуу жетекчини кабардар кылышат;
7. Өрт жана электр коопсуздугу үчүн шарттарды сактоону камсыз кылышат;
8. Өздөрү тарабынан кызмат милдеттерин аткарбагандыктарынын жана башка укуктук-ченемдик актыларды бузгандыктарынын кесепетинин натыйжасында келип чыккан кырсык учурлары үчүн жооп беришет.

**4.Чарба башчысы (завхоз):**

1. Билим беруү уюмунун жана анын түзүмдөрүнүн чарбалык тейлөө боюнча ишгерине жетекчилик жүргүзөт. Чарба эмеректеринин, буюм- тайымдарынын, ошондой эле имараттарда жана айлана-чөйрөдө тазалыктын сакталышын камсыз кылат. Кызматкерлерди жумуш аткарууга керек-түү буюм-тайымдар менен камсыздайт. Кенже тейлөө кызматкерлерин башкарат;

2. Жабдууларды, имараттарды пайдаланууда коопсуздук боюнча, эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук, өндүрүштүк тазартуулук жана өрткө каршы коргонуу боюнча иштерди уюштурат;
3. Кенже тейлөө кызматкерлери жана от казандарын жагуучулар (операторлор) менен (жумуш орундарында) техникалык коопсуздук боюнча үйрөнтмөлөрдү өткөрөт (эгер бул тууралуу жетекчинин буйругу чыккан болсо) жана бул тууралуу жумушчу орундарында үйрөнтмөлөрдү каттоо журналына толтуруу иштерин аткарат;
4. Ремонт-курулуш жумуштарын, жылытуу системаларынын ремонтун жана башка жумуштарды жүргүзүүдө өмүр үчүн коркунуч келтирүү менен коштолгон жумуштарды токтотуп турат;
5. Өрт жана электр коопсуздуктары үчүн шарттардын сакталышын камсыз кылат;
6. Кырсык учурлары тууралуу жетекчиге токтоосуз билдирет;
7. Өзү үчүн жоопкерчилик тартат.

**5. Мугалимдерге, кызматкерлерге жана окуучуларга үйрөнтмөлөрдү өтүүнү уюштуруу**

Мугалимдер, кызматкерлер жана окуучулар үчүн үйрөнтмөлөрдү өтүү жагдайы жана убактысы боюнча 5 түргө бөлүнөт:
1. Киришүү;
2. Жумушчу орунунда алгачкы жолу;
3. Кайталоочу (мезгил-мезгили менен);
4. Пландан тышкаркы;
5. Кезектеги (күн сайын).

**Киришүү үйрөнтмөсү**

**1.** Киришүү үйрөнтмөсүн жетекчи же жетекчинин буйругу менен эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча адистин милдети жүктөлгөн кызмат адамы өткөрөт.

**2.** Киришүү үйрөнтмөсү ишке кабыл алынып жаткан, ошондой эле иш сапары менен келген кызматкерлер, өндүрүштүк окууларга же практикаларга келишкен окуучулар жана студенттер менен алардын алган билимдерине. ал кесип же кызматы боюнча стажыларына карабастан өткөрүлөт. Же бул ишти жүргүзүүнү директор атайын буйрук менен өзүнүн орун басарларынын бирине тапшырат. Үйрөнтмөдөн өткөндүк тууралуу жазуулар киришүү үйрөнтмөлөрдү каттоонун журналына толту-рулат **(тиркеме №4).**

**3.**Киришүү үйрөнтмөсү эмгек мыйзамдуулугунун жана стандарттарынын талаптарына ылайык окуу циклинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан жана жетекчи бекиткен жана профсоюз комитети менен макулдашылган программа боюнча өткөрүлөт.

4.Киришүү үйрөнтмөсүнүн өткөрүлүшү жана билимдеринин текшерилгендиги тууралуу жазуулар киришүү үйрөнтмөлөрүн каттоонун журналына (үйрөнтмөлөрдүн жекече кагазына) толтурулат, ага текшерген адам жана текшерилген адам кол коёт.

**Алгачкы үйрөнтмө**

1. Жумушчу орунундагы алгачкы үйрөнтмө билим беруү уюмуна кабыл алынып жатышкан, бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө которулушкан, иш сапары менен иштөөгө келишкен бардык кызматкерлер, өндүрүштүк окуулар же практикалар аркылуу жаныдан иш орундарына келишкен окуучулар жана студенттер менен өткөрүлөт. **Эскертүү:** имараттарды жана жабдууларды ремонггоо, аспаптарды колдонуу, сырьелорду жана материалдарды сактоо менен байланышпаган адамдар үчүн алгачкы үйрөнтмө өткөрүлбөйт **тиркеме №2).**

2. Жумушчу орунундагы алгачкы үйрөнтмө ар бир кызматкер менен жекече иштөөнүн коопсуз ыкмаларын жана усулдарын керектөө менен жүргүзүлөт. Өз алдынча иштөөгө уруксат берген иш кагазына үйрөнтмө жүргүзгөн кызмат адамы өткөргөн күнүн көрсөтүү менен кол коёт жана ал тууралуу жазуулар жумуш орунунда үйрөнтмөлөрдү өткөрүү журналына катталат **(тиркеме №5).**

**Кайталоочу үйрөнтмө**

1. Кайталоочу үйрөнтмө бардык кызматкерлер менен кесипкөйлүгүнө, билимине жана иштеген

стажысына карабастан алты айда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт, бирок эмгектин коркунучтуу жана оор шарттарында эмгектенишкен айрым адистер эгер алар иштетип жатышкан жабдуулар туура эмес иштетүүдөн улам өмүрлөрүнө коркунуч келтире турган болсо, кайталоочу үйрөнтмө андан да кыска мөөнөттө өткөрүлүшү мүмкүн, мисалы ар бир токсондукта (кварталда) же ар бир ай сайын;

2. Кайталоочу үйрөнтмө эмгекти коргоо боюнча эрежелерди жана үйрөнтмөлөрдү билүүнүн деңгээлдерин текшерүү жана жогорулатуу максаттарында ар бири менен жекече же бир кесиптеги адистер менен чогуу бир учурда жумуш орунундагы үйрөнтмө программалары боюнча жүргүзүлөт **(тиркеме №2).**

3. Кайталоочу үйрөнтмө өткөрүлгөндүгү тууралуу жазуулар жумушчу орунундагы үйрөнтмөлөрдү каттоонун журналына толтурулат.

**Пландан тышкаркы үйрөнтмө**

1. Пландан тышкаркы үйрөнтмөлөр төмөнкү учурларда өткөрүлөт:

**а).**эмгекти коргоо боюнча эрежелер өзгөргөндө;
**б).**эмгек процесси өзгөрүлгөндө: жабдуулар, кошумча бөлүктөр жана аспаптар алмашылганда, эмгектин коопсуздугуна таасир берүүчү башка факторлор орун алганда;
**в).**30 күндөн ашуун иш орунунда үзгүлтүк болгон учурда.
Жогорудагы өзгөрүүлөр аныкталганда өткөрүлгөн иш чара жумуш орунунда үйрөнтмө колдонмосу боюнча жүргүзүлөт жана жумуш орунунда үйрөнтмөлөрдү каттоо журналына толтурулат.

**Кезектеги (күн сайын) үйрөнтмө**

1.Кезектеги (күн сайын) үйрөнтмө кызматкерлер менен жумушту баштаар алдында ишке уруксат берүү иш чарасы катары өткөрүлөт, ал аркылуу ишке киришүүгө уруксат берген иш кагазы толтурулат.
2.Кезектеги (күн сайын) үйрөнтмө жүргүзүү ишке уруксат берүү иш кагазында жазылып калтырылат **(тиркеме №8).**

**Киришүү үйрөнтмөсүнүн (инструктаж) үлгүлүү программасы**

Бул программа үлгүлүү болуп саналат, андыктан билим берүү уюмунун адистешкендигине, аймактык өзгөчөлүктөрүнө, окуу процессинин айырмачылыктарына, аткарылуучу иштердин түрлөрүнө жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор болушу мүмкүн.

**1.Билим берүү уюму тууралуу жалпы маалыматтар;**

**2.Эмгекти коргоо тууралуу мыйзамдык база:**

1.1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
1.2. Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамы;
1.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары жана директивалык көрсөтмөлөрү;
1.4. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча стандарттар тууралуу жалпы жоболор;
1.5. Жумуш убактысы жана эс алуу мезгили;
1.6. Аялдардын жана жаштардын эмгектерин коргоо;
1.7. Эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун мамлекеттик көзөмөлү жана ведомстволук текшерүүсү;
1.8. Ички тартип эрежелери;

2. **Техникалык коопсуздук:**

2.1. Кырсык учурларынын өндүрүштүк факторлору жана себептери;
2.2. Кырсык учурларын алдын алуунун негизги ыкмалары жана техникалык каражаттары, жабдууларга карата талаптар, сактап калуучу түзүлүштөр, сигнал берүүчү түзүлүштөр, тосуп коюучу нерселер, коопсуздук түстөрү жана белгилери;
2.3. Электр коопсуздугу, билим берүү уюмунда электр коопсуздугуна карата талаптарды, адамдын организмине электр кубатынын таасир этишин, электр кубатына урунуунун түрлөрүн көрүнө жерге жайгаштыруу;
2.4. Жумушчу орунун уюштуруу;.
2.5. Билим берүү уюмунун аймагында унаалардын жана жүк көтөрүүчү механизмдердин болуусунун негизги эрежелери, билим берүү уюмуна келүүдө жол коопсуздугунун эрежелеринин сакталышы;

3. **Санитардык-гигиеналык талаптар:**

3.1. Эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча негизги иш чаралар;

3.2. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу;

3.3. Лабораторияларда, кошумча жайларда, от жаккычтарда желдетүүнү орнотуу;

3.4. Лабораторияларды, устаканаларды, бөлмөлөрдү жарыктандыруу. Жарык берүүчү жабдууларды кароо;

3.5. Педагогдордун, тейлөөчү персоналдын, окуучулардын өздүк гигиеналарынын негиздери;

**4. Коргонуунун жеке каражаттары, атайын кийимдер жана аларга карата талаптар;**

**5. Өрт коопсуздугу:**

5.1. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жалпы чаралар;

5.2. Өрт өчүрүүчү алгачкы каражаттар, аларды колдонуу эрежелери;

5.3. Мугалимдер жамаатынын, тейлөө персоналынын жана окуучулардын өрт чыккандагы жана башка чукул кырдаалдардагы аракеттери;

**6. Жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү:**

6.1. Электр кубаты урганда, механикалык жаракат алууда, күйүктө, ууланууда, жараланганда биринчи жардам көрсөтүү;

6.2. Окуу кааналарын, лабораторияларды, устаканаларды жана билим берүү уюмунун башка жайларын биринчи медициналык жардам аптечкалары менен жабдуу.

Билим берүү уюмунда киришүү үйрөнтмөсү иштелип чыккандан кийин анын колдонмосу (инструкциясы) профсоюз комитети менен макулдашылат жана билим берүү уюмунун директору тарабынан бекитилет

**Жумуш орунундагы үйрөнтмөнүн үлгүлүү программасы**

Бул программа үлгүлүү болуп эсептелет жана ар бир кесип же аткарылуучу иш үчүн жалпы маселелерди камтыйт, жана да ар бир кесип, адистик үчүн үйрөнтмөлөрдү иштеп чыгууга үлгү катары кабыл алынат, ал эми ар бир кесипке же адистикке арналган үйрөнтмөлөрдө эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча бардык керектүү талаптар камтылууга тийиш.

Ар бир кесипке же адистикке арналган үйрөнтмөлөрдү иштеп чыгууда аларга эмгек тууралуу мыйзамдарга, техникалык коопсуздук жана өндүрүштүк тазартуулук эрежелерине жана ченемдерине карама- каршы келе турган талаптар киргизилбеши керек. Алсак, билим берүү уюмунда төмөнкү адистерге карата жумушчу орундарында техникалык коопсуздук боюнча үйрөнтмөлөр иштелип чыгууга тийиш:

1. От жаккычтарга;
2. Тазалык-техникалык чарбанын ондоочу-ремонттоочусуна;
3. Электр тармагын тейлөө боюнча электрикке;
4. Пол жуугучтарга;
5. Имараттарды, курулуштарды ремонттоо боюнча кызматкерге;
6. Мугалимдерге;
7. Окуучуларга.

Мындан тышкары окуучулар үчүн окутуучу устаканаларда, лабораторияларда сабактарды өтүү учурунда ар бир предмет боюнча (химия, физика боюнча лабораторияларда, эмгекке үйрөтүүдө, аскердик башталгыч даярдыкта, жашоо-тиричиликтин коопсуздугунун негиздеринде) Өз- өзүнчө үйрөнтмөлөрдү иштеп чыгуу керек. Ошондой эле билим берүү уюмунун өздүк чарбасы боло турган болсо, анда сабак өтүү учурунда техникалык коопсуздук боюнча атайын үйрөнтмө болуусу зарыл, жана да активдүү эс алуунун экскурсия, жүрүш сыяктуу түрлөрү, спорттук мелдештер учуру үчүн өзүнчө үйрөнтмөлөр иштелип чыгуусу абзел.

# Эмгекти коргоо боюнча киришүү үйрөтмөсү.

**Башталган учуру “4” 10 2022. саат 11⁰⁰–12⁰⁰**

**Аяктаган учуру “4” 10 2022-ж саат 12⁰⁰–13⁰⁰**

**2022-2023-окуу жылы үчүн.**

| **Үйрөнтмө өткөрүлгөн күн.** | **Үйрөнтмөдөн өтүүчү адамдын аты- жөнү** | **Үйрөнтмөдөн өтүүчү адамдын кызматы, кесиби** | **Үйрөнтмө өткөрүүчү адам жиберилген билим берүү уюму** | **Үйрөнтмө өткөргөн адамдын аты- жөнү,кызматы** | **Колдору** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **Үйрөнтмө өткөргөн адам** | **Үйрөнтмөдөн өткөн адамдыкы** |
| **1** | Турдубаева Гүлмайрам Сагыновна | Директор тарых муг | Б.Айтматов атындагы №29 Кара-Төбө жалпы орто | Аскаров Асанбек- АЧД мугалими | | |
| **2** | Аскаров Асанбек Акматович | Эмгек,сурот. дене т.АЧД | | | | |
| **3** | Айтматова Сайрагүл Аскаралиевна | Баш кл к,.музыка | | | | |
| **4** | Айтматова Жыпаргүл Биймырзаевна | Кыргыз тил. к адабият. | | | | |
| **5** | Быймырзаева Зулайка Мырзабековна | Баш 4-кл | | | | |
| **6** | Батырбекова Айнура Анварбековна | Кыргыз тил. к адабият. Уюштуруучу | | | | |
| **7** | Расул к Нурзада | Орус тили жана орус адабият | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Жунусова Гүлжан | Математика | | | | |
| 9 | Мусабаева Мунара Абдыкалыковна | Баш кл муг 3-класс | | | | |
| 10 | Мамадамин уулу Гүлжигит | Физика,информатика | | | | |
| 11 | Полотова Гүльнара Абдувалиевна | Баш 2-класс | | | | |
| 12 | Сатымкулова Чынара | Биология.хи-мия.Соц пед | | | | |
| 13 | Султанова Тынара Садырбековна | Орус тили жана орус адабият | | | | |
| 14 | Жайлообаева Гүлкайыр Заирбековна | Математика мугалими | | | | |
| 15 | Тойчуева Гүлмира Жумабековна | Орус тили жана орус адабият | | | | |
| 16 | Тажимырзаева Сапаргүл Раимжановна | Тарых.адам ж коом | | | | |
| 17 | Турсункулов Абдимитал Сатылганович | Дене тарбия Кружок | | | | |
| 18 | Таирбекова Нурила Абдижапаровна | Даярдоо класс | | | | |
| 19 | Манасова Роза Маратбековна | информатика | | | | |
| 20 | Ерсатова Роза Шиндалиевна | Англис тили | | | | |
| 21 | Усупбай кызы Гүлзипа | Англис тили Баш 1-кл | | | | |
| 22 | Кожобекова Даткайым | Үйдө окутуу | | | | |
| 23 | Айтмырзаева Айнура Нышаналиевна | Окуу-тарбия иштер боюнча орун басар Химия мугалими | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **24** | **Абдумаликова Элзода Анваржан кизи** | **китепканачы** | | | | |
| | | | | | | |

Мектептин директору: Г.Турдубаева

# Эмгекти коргоо боюнча киришүү үйрөтмөсү.

**Башталган учуру "4" 10 2022. 9-00 -11-00**

**Аяктаган учуру "4" 10 2022 11⁰⁰- 13⁰⁰.**

| Үйрөнтмө өткөрүлгөн күн. | Үйрөнтмөдөн өтүүчү адамдын аты- жөнү | Үйрөнтмөдөн өтүүчү адамдын кызматы, кесиби | Үйрөнтмө өткөрүүчү Адам жиберилген билим берүү уюму | Үйрөнтмө өткөргөн адамдын аты- жөнү,кызматы | Колдору | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Үйрөнтмө өткоргөн адам | Үйрөнтмөдөн өткөн адамдыкы |
| 1 | Мавлянов Болотбек | дворник | Б.Айтматов атындагы №29 Кара-Төбө жалпы орто | Аскаров Асанбек- АЧД мугалими | | |
| 2 | Орозова Сапаргүл | ашканачы | | | | |
| 3 | Айтматова Гүлзат . | МОП | | | | |
| 4 | Тойчиев Абдыкалил | От жагуучу | | | | |
| 5 | Атабекова Бурулой | кароолчу | | | | |
| 6 | Мамажакыпова Кадича | МОП | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Сапаров М. | Кароолчу | | | | |
| 8 | Арзыматов Нурдавлет | кароолчу | | | | |
| 9 | Кыйбатова З | ашпозчу | | | | |
| 10 | | | | | | |

Мектептин директору: Г.Турдубаева

...кти коргоо боюнча киришүү үйрөтмөсүн каттоо журналы.

| ...ио ...ман | Үйрөтмөдөн өтүүчү адамдын аты-жөнү. | Үйрөн-н өтүүчү адамдын кызматы, кесиби. | Үйрөт. өт-чү адам жибер-н бөлүм берүүчү | Үйрөтмө өткөргөн адамдын аты-жөнү, кызматы. | Колдору. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Үйрөтмө өткөргөн адам | Үйрөтмөдөн өткөн адамдыкы. | |
| ...аль<br>г | Омурзаков<br>Шерипбаев.<br>Кожобеков<br>Ахмолдоев.<br>Балтабаев | Профком<br>Сопуева Я. | А. Кулубаев Айк. | Профком. | Профком. | Кожобеков Д.<br>Омурзаков Б.<br>Балтабаев Т.<br>Шерипбаев Б.<br>Ахмолдоев И. | [signatures] |